Бегалиев С.Б., Жумашова Н.А.

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

**«МАНАС» – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК СЫЙМЫГЫ**

Кыргыз элинин бийик туусу, улуу сыймыгы болгон «Манас» эпосу – дүйнөлүк адабияттын тарыхында сейрек учураган, кайталангыс, монументалдуу зор көркөм эстелик. «Манас» – кыргыз оозеки көркөм чыгармачылыгындагы баатырдык эпостун классикалык үлгүсүн түзгөн өзгөчө бийик көркөм-эстетикалык мааниге ээ болгон чыгарма. «Манас» эпосу бир кылымдын же бир доордун эле көркөм эстелиги эмес. Элдин тарыхын, үрп-адатын, дүйнөгө болгон көз карашын, башынан өткөргөн олуттуу окуяларын көркөм сүрөттөгөн энциклопедиялык мазмундагы элдик өзгөчө баатырдык эпос. Оозеки жаратып, оозеки таратып, көздүн карегиндей оозеки сактап, өтө ыйык тутуп, укумдан-тукумга, атадан-балага өтүп келе жаткан улуу мурас. Ч.Айтматов адилеттүү белгилегендей, «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу».

Эпостун эң башкы темасы – сырттан басып кирген душмандардан элди-жерди коргоо үчүн жүргүзгөн баатырдык, боштондук күрөшү. Башкы проблемасы – жалпы элдик биримдик, ынтымак. Каракандын доорунда «каяша берген душман болбой», эл ынтымакта, биримдикте, бейпил турмушта жашаган экен. Кийин Ороздунун он уулунун ынтымагы кетип, калмак, кытайлар кыргыз элин чаап, талап-тоноп, кыргыздар өз жерин таштап кетүүгө аргасыз болушат. Бул трагедиялуу окуя улуу манасчы С.Каралаевдин вариантында мындай сүрөттөлөт:

Кытайдан Молто кан чыгып,

Анын добулунан жан чыгып,

Аргын менен кыргыздын

Керегe, уугун кыйратып,

Келин, кызын ыйлатып

Такыр чаап алды эми.

Алымына чыдабай,

Бирөө тентип Алтайга,

Бирөө кетип Каңгайга

Бирөө тентип Кырымга

Элсиз эркин жер калды».

Акбалта, Жакып баш болгон уруу башчылары Алтайга сүрүлүп барышат. Бирок киндик каны тамган мекени Ала-Тоо жери эсинен кетпейт. Душмандан элди-жерди бошотуп, бүлүнгөн-чачылган элди бириктирип баш коштура турган баатырдын төрөлүшүн күтүшөт:

Долоно саптуу ай балта

Муну толгонтуп ийбей ким аштайт?

Бу тозуп жүргөн көп журтту

Томсортпой муну ким баштайт?

«Манас» эпосунда жакшылык, жамандыкты алдын - ала билгизген кереметтүү түш көрүү, түштү жоруу өзүнчө маанилүү көрүнүш катары олуттуу орунга ээ. Түштү эпосто көрүнгөн киши эле жоруй бербейт. Акылман карыя Акбалта түштү мындай жоруйт:

Киндик кесип, кир жууган

Жерди табат экенбиз.

Паана берип жараткан

Элди табат экенбиз.

Баатыр менен бирге анын жоого минер атынын бир күндө төрөлүшү -дүйнөлүк эпосто кеңири тараган салттык көрүнүш. Бала көрбөй жүрүп балалуу болуу да – дүйнө элдеринин фольклорунда арбын учураган традициялык сюжет.

Мал башчысы кула бээ,

Баш башчысы куу катын.

Бойдок жүрөт кула бээ,

Төрөбөй жүрөт куу катын

Кула бээ тууса, тулпар туур,

Куу катын тууса, шумкар тууйт.

Баатыр менен анын жоого минер атынын бир күндө төрөлүшү алардын тагдырынын бир экенин айгинелейт.

«Манас» эпосунда Аккула окко учуп, Алмамбет шейит кетип, Манас жарадар болуп келип, өлүп жатпайбы.

Эпосто Манастын төрөлүшү улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарында өзүнчө кеңири сюжет болуп айтылат да, бир катар салттык мотивдер менен коштолот.

Болочок баатырдын энеси жолборстун жүрөгүнө талгак болот, бөтөнчө татаал шартта, кереметтүү белгилери менен төрөлөт:

Бал, шекерге карабайт

Башка тамак жарабайт

Жесем деп жолборс жүрөгүн

Мындан башка санабайт.

Дүйнөлүк эпостун көпчүлүгүндө болочок баатыр өтө тентек болуп өскөнү белгилүү:

Жети жаштан сегиз жаш

Бала чыгып келгенде.

Күйүп турган чок болду

Кырк үйлүү кыргыз ичинде

Мындай тентек жок болду».

Уулунун тентектиги Жакыпка жакпайт. Манас балдарды чогултуп алып, Жакыптын кой-козуларын союп жей берет. Малга карао Жакып:

Малды бакса сан болот,

Мал баккан киши кан болот.

Сенин тентектигиң сында жок

Теңдешип союл чабуучу

Теңиз кыргыз мында жок

Балам, биз тентип келдик Алтайга

Сенин тентектигиң жетет далайга,» - деп наалыйт.

Ал эми Акбалта болсо, баланын тентектигине кубанып, баатыр болоруна көзү жетип, Жакыпты жемелеп, мындай дейт:

Атаңдын көрү ой, Жакып,

Бул жемеңди кой, Жакып.

Береке ушул, бел ушул

Калмак турмак канчага

Кыргын салар шер болсун.

Эркек бала шок болсун,

Мал багаар уул болгончо,

Бар болгончо жок болсун».

«Манас» эпосу окуяларга өзгөчө бай, көркөмдүгү бийик, көлөмү жагынан эч бир эпостон ашып түшпөсө, кем түшпөйт. Ырас, көп көлөмдө эмес, көркөм дүйнөсүнүн байлыгында, чыгармада орун алган терең философиялык ойлордо, элдин турмушунун кеңири камтып, эл-жер, мекенге болгон терең сүйүүсүндө, жалпы элдик биримдикти, ынтымакты ыйык тутуп, даңазалоодо.

«Манас» – кыргыз элинин улуу руханий мурасы, кыргыз элинин гана улуу, кайталангыс көркөм мурасы эмес, жалпы адамзаттык мааниге ээ болгон зор көркөм эстелик. Орус элинин «Игорь кошун жөнүндөгү» ырын академик Д.Лихачев славян элдеринин күнү деп асманга чыгара мактап, даңазалап келбедиби. «Манас» дүйнөлүк баатырдык эпостун тарыхында бийик орду, олуттуу салмагы бар көркөм чыгарма эмеспи. Бекер жеринен XIX кылымда кыргыз жергесинде болгон академик Радлов кыргыздарда башка түрк тилдүү элдерге салыштырганда баатырдык эпос өзгөчө өнүккөндүгүн баса белгилеп, кыргыздар өзүнчө эле бир эпикалык доордо жашап жаткандыгын, кыргыздар көркөм сөздү баккан, баалай, барктай билген, таланттуу эл экендигин суктануу менен жогору баалаган.

Советтик доордо «Манас» эпосуна карата эч бир негизсиз терс мамиле да болгону жалпыга белгилүү. Ошону менен бирге эле, адилеттик үчүн, айтып коюшубуз керек, «Манас» эпосун зор көркөм эстелик катары баалап, анын текстин элден жыйнап, илимий иликтөөлөр жүргүзүп, белгилүү манасчылардын варианттары боюнча китеп болуп жарык көрүп келбедиби. Кылымдар бою оозеки тарап, оозеки сакталып келген эпос эми жазма эстелигине айланып жүрөт.

«Колдо бар алтындын баркы жок» деген элде акылман сөз бар. Улуу манасчылар Сагымбай менен Саякбайдын толук академиялык варианты эми гана жарык көрүүдө. Көптөгөн таланттуу манасчылардан жазылып алынган эпостун варианттары Илимдер академиясынын кол жазма фондусунда бир кылымга жакын мезгилден бери сакталып, унутулуп бара жатат. Шапак, Ы.Абдрахманов, М.Чокморов, К. Атабеков, Ш.Азизов ж.б. варианттары өзүнчө китеп болуп жарык көрсө, илимий иликтөөгө алынса, манастаануу илимин байыткан, өнүктүргөн чоң иш болор эле. Ошону менен бирге эле «Манас» эпосуна көбүрөөк көңүл бурулуп, «Семетей» эпосу илимпоздордун көз жаздымында калгандай таасир калтырат. «Семетей» эпосун «Манас» эпосунан бөлүп кароо туура эмес. Ырас, «Семетей» эпосуна мүнөздүү болгон олуттуу өзгөчөлүктөр бар. Манас дооруна мүнөздүү болгон жалпы элдик биримдик, ынтымак бир кыйла басаңдаган. Сырткы душмандарга караганда ички душмандар күч алган. Семетейдин доору - башка доор.

Белгилүү манасчылардын дээрлик бардыгы «Семетей» эпосун да мыкты аткарышкан. Сагымбай «Манас» эпосуна караганда «Семетейди» мыкты аткарган экен. Ал «Семетейди» менин пирим деп жогору балаган дешет. «Семетей» эпосунун Саякбай айткан варианты гана китеп болуп жарык көрүп келүүдө. Ы.Абдрахмановдун, А.Тойчу-бековдун ж.б. варианттары да окуяларга бай, көркөмдүгү бийик оригиналдуу варианттардан. А.Тойчубековдун чоң атасы Дыйканбай кыргыз журтуна белгилүү семетейчи болгон. Ак калпактуу кыргызда Дыйканбайдан ашкан семетейчи жок деген элде кеп бар. Белгилүү төкмө, чоң акын Солтобай Дыйканбай жөнүндө мындай ырдаган

тура:

Жай айтасың Семетей,

Кыш айтасың Семетей,

Башыңдагы кийгениң

Жаман көрпө тебетей.

Чыныбай кандын ырчысы болуп жүргөн Солтобайга Дыйканбайдын кийген тебетейи жупуну көрүнүшү мүмкүн. Дыйканбайдын небереси Алмабек, анын уулу, небереси – «Семетей» эпосун мыкты аткарган адамдар. А.Тойчубековдон жазып алынган «Семетей» эпосунун варианты Академиянын кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

«Семетей» эпосунун дагы бир өзгөчөлүгү – «Семетей» эпосунун көлөмү «Манас» эпосуна караганда чоң, семетейчилердин саны манасчыларга караганда арбын, варианттары да «Манас» эпосуна салыштырганда көптүк кылат. Бул жөн эле куру салыштыруу эмес. Демек, «Семетей» эпосу – «Манас» эпосундай эле элдин сүйүктүү көркөм эстелиги.

«Манас» эпосунда орун алган элдик асыл осуяттардын дээрлик бардыгы ушу бүгүнкү күндө да актуалдуу, зор маалилүү. Өңгөнү айтпай эле Манас баатырды кан көтөргөн эпизодго учкай көңүл буруп көрөлүчү. Манас кырк жигит күтүп, Ала-Тоого келип, бүлүнгөн, чачылган урууларды башын бириктирип эл кылат. Ал эпосто мындай айтылат:

Кулаалы таптап куш кылдым,

Курама жыйып журт кылдым.

Тели куш таптап куш кылдым,

Тентиген элди журт кылдым».

Бул ыр саптар азыр кандай актуалдуу экендигин айтпасак да жалпыга түшүнүктүү чыгаар. Элибиздин жарымы кара курсактын айынан дүйнө өлкөлөрүндө тентип жүрбөйбү.

Манас баатырды кантип кан көтөрүп, эл-журт башчы кылып алганына көңүл буруп көрөлү. С.Орзбаковдун варианты боюнча чоролорунун сунушу боюнча Манасты кан көтөрүшөт.

Эпосто кандын зарылчылыгы төмөнкүдөй түшүндүрүлөт:

Өкүм болбой өкүнбөйт,

Өзүнчө бул журт өнүкпөйт

Башчысы болбой марыбайт,

Баш аламан жарыбайт.

Каны болсо кор болбойт,

Жарактуу киши зар болбойт.

Жайыты болбой мал болбойт,

Жабылса кытай жан койбойт.

Бекери болбой бек болбойт,

Бекер жатып эл болбойт,

Кара болбой кан болбойт,

Дене болбой жан болбойт.

Тегерегиң баары тоо,

Тепсесе душман жан койбойт.

Калкалайм десең жаныңды

Көтөрүңөр каныңды.

Кан көтөрүп алалык.

Капыр келип кол салса

Каруу жарак алалык,

Каршысына баралык».

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, Манас баатырды кан көтөрүү тарыхый шарттын зарылчылыгынан келип чыккан көрүнүш. Манас – бүлүнгөн-чачылган элди бириктирген, ар кандай урууларды баш коштуруп эл кылган элдик баатыр. Бирок Манас баатырды ак кийизге салып, алтын такка мингизип койгондо эле ал кандык бийликке, байлыкка, мансапка чиренип жатып калбайт. Манас баатыр - эпостун башынан аягына чейин элин-жерин сырттан басып кирген душмандан коргогон, элдин эркиндиги үчүн жанын курман кылган чыныгы элдик баатыр. Анын жеке кызыкчылыгы жок, ал – элдин кызыкчылыгы, элдин бейпил турмушу үчүн күрөшкөн баатыр. Жакып чоң той берип, Ногойдон калган Кызыл тууну бийик аштайт. Кыргыздын туусу кандай болуш керек, кандай болгон деген пикирдин тегерегинде бир топ талаш-тартыш болду го. Көкөтөйдүн көк туусу деп да айтылат эпосто.

Ак асаба, кызыл туу

Айгайлаган ызы-чуу, - деп да айтыла берет.

Эми азыр бүт журтчулуктун аң-сезимине бүлүк салган президенттик шайлоо, мен президент болом дегендердин саны жүзгө жакындаганы эмнени көрсөтүп жатат.

Эми Манас баатырдын кандык бийлигине дагы бир аз көңүл бөлөлү. Манаска «кан», «падыша», «султан» деген туруктуу эпитеттер ыйгарылат. Бирок Манас батыр – эл менен бирге жашап, чоролорунун дайыма жанында турган чыныгы элдик баатыр. «Манас» эпосунда «Манасты унуткан Тазбаймат» деген ылакап бар. Чоң казатка бара жатканда согуштун тартиби боюнча колду онго, жүзгө, миңге бөлүп, ар бир бөлүккө өзүнчө башчы шайлайт. Манас катардагы эле жоокер болуп, Тазбайматка баш ийип калат. Алгач кол башчы кылып Бакайды шайлашат. Бирок Бакай акылман, баатыр болгону менен, согуштун сырын, стратегия, тактикасын билбейт. Алмамбетти кол башчы кылып шайлашат. Мына адилеттик, калыстык деген ушул. Алмамбет катуу тартип коюп, колду санаганда он башы Тазбайматтан бир киши жетпей калат. Көрсө, ал Манасты унутуп койгон тура. «Он башы Баймат сен болсоң, унуткан кишиң мен болсом. Он башыга жыргаган экенбиз», - деп Манас күлгөн тура.

Кыргыз элинин тарыхына байланыштуу дагы бир оюбузду айта кетсек. Эпосто Манас баатырдын кырк чоросу, ар кайсы уруунун өкүлдөрү болуп сүрөттөлөт. Манастын уруусу – ногой, Ажыбайдыкы – аргын, Чубактыкы – нойгут ж.б. Эпосто кыркы кырк жерден келген эр эле деп айтылат. Ошону менен бирге эле эпосто «Атсыз келген чорого, ат мыктысынан мингизип, Тонсуз келген чорого, тон жакшысын кийгизип, аял алып берип, үстүнө үй тигип, мал бөлүп бердим», - деп айтылат. Мына ошол кырк уруудан кыргыз деген эл жаралган деген ой пайда болот.

«Манас» эпосу окуяларга бай өзгөчө көркөм эстелик экендигин жогоруда эскердик. Элдин жай турмушунун, үрп-адат салтын кеңири көркөм сүрөттөгөн бөлүк «Көкөтөйдүн ашы». Көкөтөй - ашкан бай, Ташкендин каны. Өлөөрүндө керээз айтып, «Мени келиндин тоюндай, кемпирдин ашындай эле жупуну койгула, тирүүгө да мал керек, Аша чабуу не керек», - деп айткан жери бар. Уулу Бокмурун дүйнө элдерин бүт чакырып ыксыз той берип, «Көкөтөйдүн ашы, чоң чатактын башы», - деген ылакап бар эмеспи. Бул окуя да азыркы заманга себеп боло турган, сокур намыс күч алган кыргыздар үчүн ойлоно турган олуттуу маселе.

Жарымы төгүн жарымы чын,

Жанынан келген киши жок,

Көбү жалган, көбү чын

Көрүп келген киши жок,

Алпынан да, калпы көп,- деп бекер айтылбайт. «Манас» эпосу жазылып калган тарых эмес. Баарынан мурда, ал - көркөм чыгарма. Анын автору Ч.Айтматовдой жазуучу эмес, эл. «Манас» – элдик көркөм чыгарма. Демек, ага көркөм чыгармадай мамиле жасап, баа берүүгө тийишпиз.